**АК-ТАЛАА РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
**ИТИКУЛ МОЛДОБАЕВ**
**АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ**

**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
**СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ**
**ИТИКУЛА МОЛДОБАЕВА**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

8-сентябрь, 2022-жыл №42 Жерге-Тал айылы

**Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын, “Кыргыз Республикасында укук бузууга каршы профилактикалык иштерди жүргүзүү жөнүндөгү 2005-жылдын 25-июнундагы №92 КР мыйзамын ишке ашыруу максатында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин окуучуларынын арасында кылмыштуулукту алдын-алуу боюнча кенешин түзүү жөнүндө**
**буйрук кыламын:**

1. Мектепте алдын алуу Кенеши мыйзамга ылайык төмөндөгүдөй курамда түзүлсүн:
Саякбаева Н.Ш.- мектеп директору, кенештин төрайымы
Мукамбет кызы А.-уюштуруучу, мүчөсү
Касмалиева А.-соц.педагог, мүчөсү
Ашымбекова А.-ата-энелер комитети, мүчөсү
Кенешбек кызы Н.-кыздар уюмунун жетекчиси, мүчөсү
Кудайберди уулу К. -балдар уюмунун жетекчиси, мүчөсү
Курманалиева Б. – профсоюз уюмунун төрайымы, мүчөсү

2. Кенешти түзүүнүн максаты, милдеттери, ишмердүүлүгү жана функциясы боюнча кенештин мүчөлөрүнө түшүндүрүлсүн.
3. Тиешелүү иш кагаздарын жүргүзүү жагы соц.педагог А. Касмалиевага милдеттендирилсин.
4. Кенешке мектеп, ата-энелер, окуучулар менен тыгыз байланышта иш алып баруусу тапшырылсын.
5. Бул буйрукту аткаруу жана көзөмөлгө алуу жагы социалдык педагог Касмалиева Айнурага жана уюштуруучу Мукамбет кызы Асемге милдеттендирилсин.

Негизи: КР №92 мыйзамына ылайык

Директор: Саякбаева Н.Ш.

Бекитем
Мектеп директору: Н.Ш Саякбаева

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби**

**Жалпы билим берүүчү мекемедеги профилактикалык Кеңештин Жобосу.**

**1.Жалпы бөлүм.**

Профилактикалык Кенеш Баланын укутары жөнүндө Кеңешинин "Кыргыз Республикасында укук бузууга каршы профилактикалык иштерди жүргүзүү" жөнүндө №82 23-июнь 2005-жыл КР Мыйзамынын негизинде түзүлгөн

**2. Максаты жана иштин мазмуну.**

Профилактикалык Кеңештин негизги максаты болуп:

- Укук бузууга , селсаяктыкка жана өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугуна каршы профилактикалык иштер;
- Окуучулардын укуктук маданиятын жана мыйзамдуулук мүнөздүн негиздерин калыптандыруу;
- Баланын укуктарын коргоо;

2.2 Кеңештин мүчөлөрү мектептин укук бузууларга каршы жүргүзгөн иштерине катышат.

2.3 Профилактикалык Кеңеш коомдук башкаруу уюму катары рекомендациялык мүнөздөгү чечим кабыл алат жана бул боюнча мектеп жетекчилиги мектепбоюнча буйрук чыгара алат.

**3.Профилактикалык кенештин мүчөлүгү.**

3.1 Профилактикалык кеңеш мектеп администрациясынын, мугалимдер коллективинин , ЖӨИИ кызматкерлеринин,мугалим-уюштуруучулардын, коомчулуктун, коомдук-профилактикалык борборлордун (айыл өкмөттөрдүн) ата-энелердин, жогорку класстын окуучуларынын, ата-энелер комиттетеринин өкүлдөрүнөн түзүлөт.

**4. Профилактикалык кеңештин структурасы.**

4.1 Профилактикалык Кеңеш ачык добуш берүү аркылуу төрагасын(төрайымын), орун басарын, катчысын, комиссия мүчөлөрүн шайлайт.

4.2 Профилактикалык Кеңештин комиссиялары:

- "Оор мүнөздөгү" үй-бүлөлөр менен иштөө комиссиясы үй-бүлөлүк, жаш өспүрүмдөрдүн укуктарын сактоо, балалыкты социалдык жактан коргоо маселелерин чечет;
- "Оор мүнөздөгү" балдар менен иштөө комиссиясы тартип, окуу, окуу программасын уюштуруу, укук бузууну профилактикалоо, селсаяктык жана өспүрүмдөр кылмышына каршы, окуучулардын жайкы иштөө жана эс алуусу маселелерин чечет;
- Укутук комиссия өспүрүмдөр арасындагы укук бузууга жана кылмыштуулукка каршы тийиштүү сунуш, иш кагаздарын иштеп чыгат, профилактикалык Кеңештин комиссияларынын ишин координациялайт, БИК, ЖӨИИ, балалыкты жана үй-бүлөнү коргоо бөлүмдөрү менен байланышты түзөт.

**5.Профилактикалык Кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу.**

5.1 Профилактикалык Кеңеш өзүнүн отурумун эреже боюнча айына бир жолу өткөрүп турат же шашылыш болсо кезексиз өткөрсө болот.

5.2 Профилактикалык Кеңештин чечими көпчүлүк добуштун кеминде 2-3 мүчөлөрүнүн добушу менен кабыл алынат.

5.3 Профилактикалык Кеңеш мектеп жетекчисинин макулдугу менен Кеңештин отурумунда кабыл алынган иш план менен иштейт.

5.4 Профилактикалык Кеңеш ар бир отурумуна токтом жазып турат.

5.5 Профилактикалык Кеңештин отурумунда алты адамдан турган Президиум иш алып барат.

**6.Профилактикалык Кеңештин жана мүчөлөрүнүн фуңкциялары.**

6.1 Профилактикалык Кеңеш укутуу:

- Кеңештин кароосуна селсаяктыкка , укук бузууга, өспүрүмдөр ишине байланыштуу тиешелүү маселелерди талкууга коёт;
- Кеңештин отурумуна окуучулар арасында укук бузууга кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жакшыртуу максатында окуучуларды, алардын ата-энелерин жекече сүйлөшүүгө чакырат;
- Окуучулардын жүрүш-турушу, үй-бүлөдөгү тарбиялоосу, окуучу жаңы маалыматтарды мугалимдерден алат;
- Укук бузуунун жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мугалимдердин билдирүүсүн кабыл алат;

6.2 Профилактикалык кеңеш милдеттүү:

- Мугалимдерге, ата-энелерге жана окуучуларга Кеңештин ишин маалымдоо;
- Кеңештин иши боюнча жогорку органдарга маалымат берип турат;

**7.Профилактикалык Кеңеш тарабынан колдонулуучу чаралар.**

7.1 Жаш өспүрүмдөргө;

- Эл алдында же жекече жабыр тарткан тарапка кечирим суратуу;
- Мектеп учетуна тургузуу;
  Мектеп жетекчилиги талап кылат;
- Эскертүү берүү;
- Сөгүш же катуу сөгүш жарыялоо;
- БИКге сунуш берүү;
- ЖӨИИ га сунуш берүү;

7.2 Жаш өспүрүмдөрдүн ата-энесине:

- Мектеп жетекчилигинен талап кылат;
- Ата-энесин педагогикалык Кеңешке чакыруу;
- БИК ге сунуш берүү;
- Ата-энелерге чара колдонуу боюнча РИИБге билдирүү.

**8. Чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөнүн формалары:**

- Кеңеште карала турган мектеп, ЖӨИИнин учетундагы өспүрүмдөрдүн үй-бүлөлөрүнө изилдөө жүргүзүү;
- ЖӨИИсы коомчулук менен бирдикте рейддерди жүргүзүү;
- Оңолуу жолуна байланыштуу өспүрүмдөрдүн өзүн угуу;
- Укук бузуунун жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча бекитилген жооптуу адамдар тарабынан жекече көзөмөлдөө;

9. Профилактикалык Кеңештин иш кагаздарынын номенклатурасы.

Мектеп директорунун буйругу менен Кеңештин иш кагаздарын түзүү.

Окуу жылы үчүн түзүлгөн иш план;

Отурумдун токтомдору.

Уюштуруучу: Мухамбет кызы А

Соц.педагог: Касмалиева А

Бекитем:
Мектеп директору: ____________ Саякбаева Н.Ш

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылындагы «Профилактикалык кеңештин» аткаруучу иштеринин планы.**

| № | Аткарылуу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1. | «Профилактикалык кеңештин» курамын тузуп, планын бекитуу. | Сентябрь | Уюштуруучу |
| 2. | «Профилактикалык кеңешти» ата-энелердин катышуусу менен өтуп туруу. | Айына бир жолу | Уюштуруучу<br>Соц.педагог |
| 3. | «Тобокел» тобундагы балдар менен иш алып баруу. | Дайыма | Соц.педагог<br>ИДН кызматкери |
| 4. | Тартиби начар балдардын ата-энелерин мектепке чакырып профилактикалык кеңешме өтуу. | Айына бир жолу | Уюштуруучу<br>Соц педагог |
| 5. | «Мунөзу оор» балдардын тизмесин тактоо жекече иш алып баруу. | Дайыма | Соц.педагог |
| 6. | Окуучуларга ИДНдин кызматкерлеринин катышуусу менен аңгемелешуулөрду өткөруп туруу. | График боюнча | Уюштуруучу<br>Соц.педагог<br>ИДН |
| 7. | «Укук бузуулардын алдын алуу» боюнча балдар жана кыздар кеңешинде тушундуруу иштерин жургузуу. | График боюнча | Соц.педагог<br>Класс жетекчилер<br>Кыздар уюму<br>Балдар уюму<br>Мектеп парламенти |
| 8. | «Укук бузуулардын алдын алуу» боюнча жалпы ата-энелер чогулушун уюштуруу. | Чейрек сайын | Уюштуруучу |
| 9. | Ички жана сырткы миграниттын балдарынын жекече түзүлгөн маалымат базаларын тактоо. | Чейрек сайын | Соц .педагог |
| 10. | “Зомбулук токтосун”, “Сен укуктуусуң”, “Жаңы кылымдагы баланын укугу” деген темаларда балдардын укуктары боюнча иш чараларды уюштуруу. | Чейрек сайын | Уюштуруучу<br>Соц.педагог<br>Класс жетекчилер |
| 11. | Жашы жете элек өспүрүмдөрдү эркине каршы никеге туруу үчүн урдоо же мажбурлоого жол бербөө максатында тиешелүү тармактар менен бирдикте түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Жыл ичинде | Соц.педагог<br>ИДН<br>Уюштуруучу |
| 12. | Балдарга карата ырайымсыз мамилелерге жана зомбулук аныкталган учурда маалыматты кабарлоо үчүн “Балдар үчүн ишеним телефону 111” борборунун күнү-түнү иштери жөнүндө балдарга жана чоңдорго кабарлоо, анонимдик кутучага келген каттарды кароо. | Дайыма | Соц.педагог<br>Уюштуруучу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 13. | Жарнама такталарына жана банерлерге балдарга карата ырайымсыз мамилени жана зомбулукту болтурбоого багытталган маалыматты жайгаштыруу. | Жыл ичинде | Уюштуруучу<br>Соц.педагог |

Уюштуруучу: Мухамбет кызы А

Социалдык педагог: Касмалиева А.Т

**Итикул Молдобае атындагы орто мектебинде «Профилактикалык кенештин» чогулушунун**

**№1 токтому. 8-сентябрь 2022-жыл**

Катышуучулар: 1.Саякбаева Н.Ш - мектеп директору- кеңештин төрайымы
2. Мухамбет кызы М – уюштуруучу, мүчөсү
3. Касмалиева Айнура – соц педагог, катчы
4. Ашымбекова А - ата-энелер комитети,мүчөсү
5. Кеңешбек кызы Н - кыздар уюмунун жетекчиси, мүчөсү
6. Кудайберди уулу К – балдар уюмунун жетекчиси, мүчөсү
7. Курманалиева Бурул- профсоюз уюмунун төрайымы, мүчөсү

Күн тартиби: 1. Профилактикалык кеңештин курамын шайлоо.

2. Профилактикалык кеңештин мүчөлөрүн кеңештин жоболору менен тааныштыруу.

Чогулушту кеңештин төрайымы Саякбаева Н.Ш ачып күн тартиби менен тааныштырды. Саламатсыздарбы урматтуу кеңештин мүчөлөрү. Кеңештин кезектеги отурумун ачык деп жарыялайм жана жаңы окуу жылыңыздар менен баарыңыздарды куттуктайм. Кезектеги кеңештин чогулушу төмөндөгү маселелерди карайт. Күн тартиби менен кеңештин мүчөлөрүн тааныштырды жана өткөн окуу жылындагы кеңештин аткарган иштерине баа берди. Быйылкы окуу жылына кеңештин курамын түзүү боюнча сунуштарды берди. Быйылкы окуу жылында жаштар уюмунун жетекчиси Бактыбек уулу Амантурдун ордуна балдар уюмунун жетекчиси Кудайберди уулу Калыбайды сунуштап жатабыз. Себеби өспүрүм курактагы эркек балдар менен тыгыз иш алып баруу керек болуп турат. Амантур жогорку класстын окуучуларына сабак бербегендиктен аларга жакындан байкоо жүргүзө албай калат экен. Калыбай агай башталгыч класстан баштап жогорку класстын окуучуларына сабак бергендиктен алар менен тыгыз байланышта иш алып барат деген ишеничтемин. Ошол себептен кеңештин курамына өзгөртүү киргизүүгө туура келди. Төрайым кеңешти түзүүнүн максаты, милдеттери,ишмердүүлүгү жана фуңкциясын, кеңештин жоболору менен тааныштырды. Кеңештин мүчөлөрү кеңештин жоболорун бир добуштан кабыл алышты.

**Профилактикалык кеңеш жогорудагы маселелерди карап чыгып токтом кылат:**

1. Профилактикалык кеңештин курамына төмөндөгү мүчөлөр бекитилсин жана иш алып барышсын:
Саякбаева Н.Ш- кеңештин төрайымы
Мухамбет кызы А-кеңештин мүчөсү
Касмалиева А.Т- кеңештин мүчөсү
Ашымбекова А- кеңештин мүчөсү
Кеңешбек кызы Н- кеңештин мүчөсү
Кудайберди уулу К-кеңештин мүчөсү
Курманалиева Б.А-кеңештин мүчөсү

2. Кеңеш мектеп, ата-энелер,окуучулар менен тыгыз байланышта иш алып барылсын. Тиешелүү иш кагаздарын жүргүзүү жагы жагы соц.педагог Касмалиевага милдеттендирилсин.

Кеңештин төрайымы: ____________Н.Ш.Саякбаева

Катчы: ____________ А.Т.Касмалиева